Жалал-Абад облусунун Сузак аймактык
щайлоо комиссиясына

«Демократия жана жарандык коом үчүн
Коалициясы" коомдук бирикмесинин
Сузак району боюнча узак мөөнөттүү
байкоочусу Раимкулов Каримкулдан жана
өкүлдөрү У.Ирановадан, А.Кудайбердиевден
Дареги: Сузак району, Кыргыз-Абад айылы,
Ахун ажы көчөсү №18-үй
Тел: 0772-432253

# ДАТТАНУУ

2017-жылдын 15-октябрында Кыгыз Республикасынын Президентин шайлоо күнү Сузак районунун Барпы айыл аймагындагы №2117, №2118, №2119 шайлоо шайлоо участокторунда шайлоо комиссиялары тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин талаптарын одоно түрдө бузуу менен өткөрүлгөн. Тактап айтканда:

№2118-участкалык шайлоо комиссиясы шайлоочуларды биометрикалык каттоодон өткөрбөй туруп, тизмеден текшербей 126 шайлоочуга бюллетень берилип шайлоого катыштырышкан.

Ошондой эле аймактык шайлоо комиссиясына тапшырылган документтерде №2117 жана №2119-участкалык шайлоо комиссияларындагы биометрикалык каттоодон өткөндөрдүн санынан шайлоочуларга берилген бюллетендердин санынын ашыкча болгон.

Жогорудагы аталган аракеттер, Барпы айыл аймагындагы №2117, 2118, 2119-шайлоо участкалары боюнча Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин талаптарын одоно түрдө бузган болуп эсептелип, Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун жыйынтыгына таасир бергендигинин натыйжасында, шайлоонун жыйынтыгы туура эмес деп аныкталды деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Респубюликасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Конституциялык Мыйзамынын 45-беренесин жетекчиликке алып, Сузак аймактык шайлоо комиссиясынан

## С У Р А Н А М Ы Н :

1. Сузак районунун Барпы айыл аймагындагы №2117, 2118, 2119-шайлоо участкалары боюнча Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун натыйжаларын аныктоо тууралуу чечимин-протоколун жараксыз деп таап, жокко чыгарууңуздарды.

**Тиркеме:**

1. “Демократия жана жарандык коом үчүн” Коалициясы коомдук бирикмесинин Сузак району боюнча байкоочунун актылары;
2. №2118-участкалык шайлоо комиссиясындагы мамлекеттик каттоо кызматынын биометрикалык каттоосунун (идентификация боюнча жабдуу) баштапкы жана жыйынтыктоочу отчету;
3. АЭҮнүн баштапкы жана жыйынтоочу отчетунун көчүрмөлөру;
4. №2118-участкалык шайлоо комиссиянын кол менен жазылган протоколунун мөөр менен тастыкталган көчүрмөсү.

Раимкулов К.

Иранова У.Т.

Кудайбердиев А.К.

17.10.2017-жыл